| № | Академиялык дисциплиналардын аталышы | Окутуучу | Дисциплинаны изилдөөнүн максаты жана милдеттери | Алынган билим жана көндүмдөр | Калыптануучу компетенции |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | Усоналиева Г. С. | Курстун **предмети** – кыргыз тили жөнүндөгү билимдер тутуму болуп саналат. “Кыргыз тили” курсунун **негизги максаты** – студенттерди окуу жана кесиптик ишмердүүлүктө кыргыз (мамлекеттик) тилинде оозеки жана жазуу жүзүндөгү коммуникациянын ар кыл формаларын, түрлөрүн колдонууга жалпы маданий жана кесиптик даярдоо.<br><br>Программага ылайык анын **негизги милдеттери** төмөнкүлөрдөн турат:<br><br>- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тилин сүйүүгө жана урматтай билүүгө тарбиялоо; -өзүлөрүнүн ой – пикирлерин жазуу түрүндө мазмундуу кылып ырааттуулук менен жеткире билүүгө үйрөтүү;<br><br>- студенттердин логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү. | **Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар:**<br><br>Циклдин базалык бөлүгүн окутуунун натыйжасында бүтүрүүчү (студент):<br><br>-*Сабаттуу окуй алат:* кыргыз тилинде жазылган адабияттарды, көркөм чыгармаларды, тексттерди;<br><br>-*Санап берет*: тыбыштардын бөлүнүшүн, сөз маанилеринин түрлөрүн, сөз түркүмдөрүн, синтаксистин материалдарын; *Айтып берет*: кыргыз тилиндеги басым, интонация, муундун түрлөрүн; омоним, синоним, антонимди; сөз түркүмдөрүнүн бөлүнүшүн, сөз айкашы жана сүйлөм;<br><br>*Жаза алат:* берилген темалар боюнча жат жазууларды, чакан эссе, дилбаяндарды, эссени, рефераттарды; шартка жараша арыз, өмүр баян, билдирүүнү; *Түзө алат:* диалогдорду, полилогдорду, текстке, чыгармаларга карата ар түрдүү суроолорду;<br><br>*Таба алат:* темага ылайыктуу тексттерден тилдик материалдарды;<br><br>*Пайдаланат:* кырдаалга жараша кептик темаларды, ар түрдүү тексттерди; эне тилиндеги өзүнүн кесибине тиешелүү адабияттарды; | Ж ЖК-6 Командада иштөө жана кесиптештер жана жетекчилик менен эффективдүү баарлаша билүү;<br><br>П К-4 Эне тилден жана расмий тилден которулуп жаткан тилге жана тескерисинче тиешелүү деңгээлде оозеки жана жазуу жүзүндөгү котормолорду камсыздайт. |